КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Марат Бакаевич Султаналиевдин
Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын
2025-жылдын 2-декабрындагы аныктамасына даттануусу боюнча

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 27-февралы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – К.А. Дуйшеев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, М.Б. Султаналиевдин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 2-декабрындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

М.Б Султаналиевдин өтүнүчү боюнча даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана материалдарды изилдеп чыгып, судья-баяндамачы М.Ш. Касымалиевдин маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2025-жылдын 4-ноябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна К.С. Саргалдаковдун кызыкчылыгын көздөгөн М.Б Султаналиевдин

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-апрелиндеги №245 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында офицердик курамдын жана прапорщиктердин контракт боюнча аскердик кызмат өтөө (запаста болуу) тартиби жөнүндө Жобонун (мындан ары – Жобо) 76-пунктунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрүнө, 23-беренесинин 2, 3 жана 5-бөлүктөрүнө, 24-беренесинин 1-бөлүгүнө, 42-беренесинин 1-бөлүгүнө, 55-беренесине, 61-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Талашылып жаткан пунктка ылайык жүргүзүлгөн уюштуруу-штаттык иш-чаралардын натыйжасында кызмат орду кыскартылгандыгына байланыштуу жана командачылыктын чечими боюнча ээлеген кызмат орундарынан бошотулган офицерлер бала үч жашка толгонго чейин бала багуу боюнча өргүүдө жүргөн офицерлерди кошпогондо, ушул Жобонун 6-пунктунун 2 жана 1-пунктчаларында көрсөтүлгөн мөөнөттөрдөн ашык эмес карамагында тура алат, андан кийин тең же жогору турган кызмат ордуна, ал эми мындай кызмат орду болбогон учурда - офицердин өзүнүн макулдугу боюнча төмөн турган кызмат ордуна дайындалууга же аскердик кызматтан запаска бошотулууга тийиш.

Офицерлерди тең же жогору турган кызмат ордуна дайындоо мүмкүндүгү болбосо, кол башчылыктын чечими боюнча кадр органдары офицерлер командирдин (башчынын) карамагында турган убакытта аларга дайындоо үчүн эки жолудан кем эмес төмөн турган кызмат ордун сунуштоого милдеттүү. Ар бир сунушталган төмөн турган кызмат ордунан баш тартуу же макул болуу протокол түрүндө жазылат, ал кадр органынын иш кагаздарын жүргүзүүсүндө аскердик кызматка дайындоо же бошотуу материалдары менен чогуу тиркелет.

Командирдин (башчынын) карамагында белгиленген мөөнөттөн ашык турган офицерлер сунушталган кызмат ордунан кезектеги баш тартуудан кийин аскердик кызматтан запаска бошотулууга тийиш.

Жүргүзүлгөн уюштуруу-штаттык иш-чаралардын натыйжасында жана командачылыктын чечими боюнча ээлеген кызмат орундарынан бошотулган улуттук коопсуздук органдарынын офицерлери баласы үч жашка толгонго чейин бала багуу боюнча өргүүдө жүргөн офицерлерди кошпогондо, карамагында үч айдан көп эмес тура алат, андан кийин алар офицердин өзүнүн макулдугу боюнча кызмат ордуна калыбына келтирилүүгө, тең же төмөн турган кызмат ордуна дайындалууга же аскердик кызматтан запаска бошотулууга тийиш. Кадр органдары жетекчи менен макулдашуу боюнча улуттук коопсуздук органдарынын офицерлери командирдин (начальниктин) карамагында турган мезгилде аларга дайындоо үчүн тең же төмөн турган кызмат ордун бир жолу сунуштайт. Сунушталган кызмат ордунан баш тартуу же макул болуу протокол түрүндө жазылат, ал офицердин өздүк делосуна тиркелет.

Арыз ээси мындай дифференциациялоо аскердик кызмат орундарына андан кийинки дайындоолордо кепилдиктердин көлөмүндө олуттуу айырмачылыктарга алып келерин көрсөткөн. Башка аскердик түзүлүштөрдүн аскер кызматкерлери төмөн турган кызмат ордуна эки жолу сунуш алууга укуктуу, ал эми улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлерине бир гана жолу сунушталат. Арыздануучунун пикири боюнча, бул акыркы категориядагы аскер кызматкерлери үчүн кызматка дайындоодо кепилдиктерди чектейт жана кызмат өтөө үчүн тең эмес шарттарды түзөт.

Арыз ээси сунуштардын санындагы айырмадан тышкары, ченемдин формулировкасынын мүнөзүнө да көңүл бурат. Улуттук коопсуздук органдарынын офицерлерине карата колдонулган “тең же төмөн турган кызмат ордуна” конструкциясы, иш жүзүндө тең кызматты айланып өтүүгө жана түздөн-түз төмөн турган кызматты сунуштоого мүмкүндүк берет, бул кадр

органдарынын өзүм билемдигине жол ачат жана укуктук аныксыздыкты күчөтөт.

Арыз ээси ушуга окшош формулировка 2011-жылдагы Жобонун 73-пунктунда да камтылгандыгын, ал эми 2025-жылдагы жаңы редакцияда башка түзүлүштөрдүн офицерлери үчүн ченем өркүндөтүлүп, аларга эми тең же жогору турган кызмат орду сунуштала турганын белгилеген. Ошентип, анын пикири боюнча, теңсиздик сакталып эле калбастан, тескерисинче күчөтүлгөн.

Арыз ээси өзүнүн позициясын тастыктоо үчүн корголуучусу К.С. Саргалдаков 2001-жылдан 2017-жылга чейин улуттук коопсуздук органдарында контракт боюнча кызмат өтөгөнүн мисал келтирген. Ал 2011-жылдагы Жобого ылайык кызматтан бошотулган, ал эми биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттор бошотууну мыйзамдуу деп таанышкан. Бирок арызданууучунун пикири боюнча, бул ченемдер теңдик принциптерин жана кызматтык ишмердүүлүккө өзүм билемдик менен кийлигишүүдөн соттук коргоо принциптерин бузат.

Арызданууччу талашылып жаткан жөнгө салуу конституциялык кепилдиктерди козгой тургандыгын көрсөткөн. Биринчиден, Конституциянын үстөмдүгү жана укуктук аныктык принциби бузулат (Конституциянын 6-беренесинин 3-бөлүгү), анткени “тең же төмөнкү турган кызмат орду” формуласы ар кандайча чечмелөөгө жол берет жана аскер кызматчысына анын колдонулушунун кесепеттерин алдын ала билүүгө мүмкүндүк бербейт. Экинчиден, теңдик жана басмырлоого тыюу салуу принциптери бузулат (Конституциянын 23, 24-беренелери), анткени улуттук коопсуздук органдарынын офицерлери “Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык башка түзүлүштөрдүн офицерлери менен бирдей укуктук статуска ээ болгону менен, иш жүзүндө алар кыйла начар абалга коюлган. Үчүнчүдөн, эмгекке болгон укук жана өзүн кесиптик жактан ишке ашыруу укугу чектелет (Конституциянын 42-беренеси),

анткени ченем кызматты улантуу үчүн негизсиз тоскоолдук түзөт. Төртүнчүдөн, мамлекеттин теңдикти жана адилеттүүлүктү камсыз кылуу боюнча эл аралык милдеттенмеси бузулат (Конституциянын 55-беренеси, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 7-статьясы, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 26-статьясы жана ЭЭУнун №111 Конвенциясы). Бешинчиден, соттук коргоого болгон укук бузулат (Конституциянын 61-беренеси), анткени соттор ченемдин мазмунуна түздөн-түз таянууга мажбур болуп, анын конституциялуулугун текшерүү механизмине ээ эмес. Алтынчыдан, арыз ээси мындай аныксыздык ченемди өзүм билемдик менен, ошондой эле коррупциялык колдонууга шарт түзөрүн, бул “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына карама-каршы келерин белгилеген.

Арыз ээсинин пикири боюнча, бул жагдайлардын жыйындысы 2025-жылдагы редакциядагы Жобонун 76-пунктунун туюндурмалары, ошондой эле 2011-жылдагы Жобонун 73-пунктунун мазмуну боюнча окшош жоболору улуттук коопсуздук органдарынын офицерлерин дайындоодо «же» деген дизъюнктивдик формуланы колдонууга жол берүү менен тең даражадагы кызматты айланып өтүп, түздөн-түз төмөн турган кызматты сунуштоого мүмкүндүк берген бөлүгүндө, ошондой эле кызмат сунуштоонун санын бир жолу деп чектөө бөлүгүндө теңдик, укуктук аныктык жана басмырлоого тыюу салуу принциптерин бузууга алып келет, мамлекеттик кызмат институттарына болгон ишенимди солгундатат, ар кандай категориядагы аскер кызматчыларынын ортосунда системалуу теңсиздик үчүн өбөлгөлөрдү түзөт.

Баяндалганды эске алуу менен, кайрылуу субъектиси талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 2-декабрындагы аныктамасы менен М.Б. Султаналиевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Судьялар коллегиясынын аныктамасында ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпциясы көрсөтүлгөн, ага ылайык алар алгач Конституцияга ылайык келет деп эсептелет. Ушуга байланыштуу алардын конституциялуулугундагы күмөн саноолор талашылып жаткан актынын же анын түзүмдүк элементинин жөнгө салуу предметинин жана конституциялык ченемдерди бузуунун ортосундагы ажырагыс системалуу байланышты көрсөткөн ынанымдуу укуктук жүйөлөр менен ырасталууга тийиш.

Бирок арыз ээсинин жүйөлөрүндө талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугуна күмөн саноонун пайда болушу үчүн жетиштүү укуктук негиздеме камтылган эмес.

Судьялар коллегиясы өзүнүн аныктамасында “Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 3-беренелерине ылайык аскердик кызмат – жарандардын Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүмдөрүндө жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарда өтөлүүчү мамлекеттик кызматтын өзгөчө түрү болуп саналарын белгилеген. Аскердик кызмат чакыруу боюнча кызматты жана контракт боюнча кызматты камтыйт жана эмгек жөнүндө мыйзамдар менен жөнгө салынуучу эмгек мамилелерине кирбейт. Ушундан улам, аскердик кызматтын укук режими эмгектик укук мамилелеринин режиминен олуттуу айырмаланат жана атайын мыйзамдарды колдонууну болжолдойт, бул болсо каралып жаткан учурда орун алган.

Аталган Мыйзамдын 23-беренесине ылайык, аскердик кызмат өтөө жөнүндө контракт жаран менен мамлекеттик органдын ортосунда ыктыярдуу түрдө түзүлөт. Контрактта жарандын ыктыярдуу түрдө кирүүсү жана мыйзамдарда белгиленген кызмат өтөө шарттарын сактоо милдети бекитилет. Демек, контрактты түзүү аскер кызматчысынын аскердик кызматтын өзгөчө укуктук режиминде каралган өзгөчөлүктөрүн жана чектөөлөрүн, анын ичинде

дайындоо, которуу жана бошотуу тартибин аң-сезимдүү түрдө кабыл алуусун билдирет, бул аскер кызматчысында аскердик кызмат ордун сактап калууга субъективдүү укуктун келип чыгуу мүмкүндүгүн жокко чыгарат.

Улуттук коопсуздук органдарында кызмат өтөөнүн өзгөчөлүктөрү “Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында түздөн-түз каралган. Ушул Мыйзамдын 22-беренесине ылайык, улуттук коопсуздук органдарынын аскер кызматчылары аскердик кызмат өтөө жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ушул Мыйзамда белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен аскердик кызмат өтөшөт, ал эми контракттарды түзүү, узартуу, өзгөртүү жана кыскартуу тартиби, ошондой эле кызматтык ишмердүүлүк маселелери улуттук коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин актылары менен да жөнгө салынат.

Көрсөтүлгөн Мыйзамдын 14, 20 жана 23-беренелеринин мазмунунан улуттук коопсуздук органдары чалгындоо жана контрчалгындоо ишин, терроризмге каршы аракеттенүүнү, мамлекеттик чек араны коргоону, маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууну жана улуттук коопсуздукту коргоого багытталган башка милдеттерди камтыган атайын функцияларды аткарат. Жүктөлгөн функциялардын мүнөзү кадрдык курамга жогорулатылган талаптардын белгиленишин жана кызмат өтөөнүн өзгөчө укуктук режимин объективдүү шарттайт, бул өз кезегинде башка аскердик түзүлүштөрдүн аскер кызматчыларына салыштырмалуу улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлеринин кызматын укуктук жөнгө салууда айырмачылыктарды алдын ала аныкташы мүмкүн.

Жобо аскер кызматчыларын дайындоо, которуу, ротациялоо жана командачылыктын карамагында болуу тартибин белгилөө менен көрсөтүлгөн мыйзамдык өзгөчөлүктөрдү конкреттештирет. Улуттук коопсуздук органдарынын аскер кызматчылары үчүн башка аскердик түзүлүштөрдүн аскер

кызматчыларына салыштырмалуу тең же төмөн турган кызмат орундарынын сунуштарынын санындагы айырмачылыктар өзүм билемдик болуп саналбайт, анткени ал улуттук коопсуздук органдарынын өзгөчө укуктук статусуна негизделген жана алардын ишинин өзгөчөлүгү, ошондой эле контракттын шарттары менен шартталган. Демек, мындай айырмачылыктар теңдиктин же басмырлоонун принциптеринин бузулгандыгын күбөлөндүрбөйт, анткени алар объективдүү критерийлерге таянат жана аскердик кызматтын, атап айтканда улуттук коопсуздук органдарындагы өзгөчөлүктөрүнөн келип чыгат.

Ошентип, судьялар коллегиясы улуттук коопсуздук органдарынын офицерлерин тең же төмөн турган кызмат ордуна дайындоо тартибин жөнгө салуучу жана кызмат ордун бир жолку сунуштоону белгилөөчү Жобонун ченемдери улуттук коопсуздук органдарынын ишинин өзгөчөлүгү менен шартталган атайын укуктук жөнгө салуунун бөлүгү болуп саналат деген тыянакка келди. Башка аскердик түзүлүштөрдүн аскер кызматчыларына салыштырмалуу тигил же бул кызматты ээлөө жөнүндө берилген сунуштардын санындагы жана мүнөзүндөгү айырмачылыктар объективдүү критерийлерге негизделет жана улуттук коопсуздук органдарындагы кызматтын өзгөчө статусунан келип чыгат.

М.Б. Султаналиев судьялар коллегиясынын көрсөтүлгөн аныктамасына макул болбостон 2026-жылдын 9-февралында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арызданууч Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын кайрылууну кабыл алуудан баш тартуусу анын "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинде каралган ыйгарым укуктарынан аша чапкандыгы жөнүндө күбөлөндүрөт деп эсептейт, анткени көрсөтүлгөн ченем алдын ала текшерүү стадиясында кайрылууга жол берүүнүн формалдуу шарттарын

белгилөөгө гана жол берет, ал эми баш тартуу үчүн негиздер толук болуп саналат жана кеңири чечмелөөгө жатпайт.

Арыз ээсинин пикири боюнча талашылып жаткан аныктаманын мазмунунан белгилүү болгондой, судьялар коллегиясы иш жүзүндө конституциялуулуктун презумпциясына, аскердик кызматтын укуктук режиминин өзгөчөлүгүнө жана укуктук жөнгө салууда айырмачылыктардын жол берилгендигине таянуу менен маселени маңызы боюнча кароого өткөн. Ал талашылып жаткан ченемге баа берип, тиешелүү жөнгө салууга жол берилгендиги жөнүндө тыянакка келген. Муну менен кайрылуудагы конституциялык-укуктук талаш-тартышты өндүрүшкө кабыл албастан чечкен, бул өз кезегинде конституциялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган жана арыз ээсин конституциялык сот адилеттигине жетүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан.

Мындан тышкары, арыз ээси судьялар коллегиясынын аталган Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна баш тартуунун негизи катары шилтеме кылуусу формалдуу жана жүйөлүү эмес мүнөздө экендигин көрсөткөн, анткени аныктамада кайрылуунун формасына жана мазмунуна карата кандай талаптар бузулгандыгын жана бул анын өндүрүшкө кабыл алынышына кандайча тоскоол болгондугу көрсөтүлгөн эмес деп белгилейт. Арыз ээсинин пикири боюнча кайрылуунун формасына жана мазмунуна карата талаптар процессуалдык реквизиттерге, кайрылуунун структурасына жана укуктук негиздин болушуна тиешелүү, бирок жүйөлөрдүн ынанымдуулугун же талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугун баалоону болжолдобойт, натыйжада жол берилишин текшерүү стадиясы маселени маңызы боюнча чечүү менен алмаштырылган.

Арызданууучу ошондой эле талашылып жаткан жөнгө салуу өзүнүн ченемдик мазмуну боюнча мурда колдонулуп келген актынын окшош жобосун кайра кайталай тургандыгын, анын натыйжасында укуктук аныксыздык

туруктуу жана уланууч мүнөзгө ээ болуп, адамдардын аныкталбаган чөйрөсүнө таасир этерин жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун предметтик компетенциясына тиешелүү экендигин көрсөткөн.

Ошентип, арыз ээсинин пикири боюнча тиешелүү негиздер жок болгон учурда кайрылууну кабыл алуудан баш тартуу соттук коргоого жана сотко жетүү укугуна негизсиз чектөө болуп саналат, ал Конституциянын үстөмдүгү жана укуктук аныктык принциптерине, ошондой эле укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине каршы келет.

Даттануунун калган бөлүгүндө анын автору укуктук мүнөздөгү жаңы аргументтерди келтирбейт, болгону баштапкы өтүнүчтө баяндалган жүйөлөрдү кайталайт.

Баяндалгандарды эске алуу менен М.Б. Султаналиев судьялар коллегиясынын даттанылып жаткан аныктамасын жокко чыгарууну жана кайрылууну өндүрүшкө кабыл алууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Конституциялык сот бир нече жолу белгилегендей, Кыргыз Республикасында конституциялык сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнүн жогорку деңгээлин ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпция принцибин этибарга албастан, ар бир адамдын кандай болбосун мыйзамды же мыйзам алдындагы актыны биринчи эле мүмкүнчүлүктө талашууга ажыралгыс укугу катары кароого болбойт. Ошондуктан, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамда кайрылуунун формасына жана мазмунуна карата олуттуу жана айкын себептерсиз конституциялык өндүрүштү козгоого жол бербөө, өлкөнүн укуктук

тутумунун жашоого жөндөмдүүлүгүнө ар бир жолу шек келтирбөө үчүн талаптар каралган.

Конституциялык сот даттанууну кароо менен судьялар коллегиясынын аныктамасын кайрылууда баяндалган аргументтердин чегинде гана, ошондой эле судьялар коллегиясынын тыянактарын төгүндөөгө багытталган жүйөлөрдү эске алуу менен кайра кароону жүзөгө ашыра тургандыгын белгилей кетүү керек.

1. Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууда судьялар коллегиясы өз ыйгарым укуктарынан аша чапкандыгы жөнүндө арызданууучунун жүйөлөрүн баалоодо Конституциялык сот “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамда белгиленген кайрылууларды судьялар коллегиясы тарабынан алдын ала кароо тартиби бул баскычка өз алдынча процесстик мүнөз берээрине негиздейт. Бул баскычта судьялар коллегиясы ишти маңызы боюнча карабайт, бирок кайрылуунун аталган Мыйзамдын 27-беренесинин талаптарына ылайык келишин, анын ичинде конституциялык өндүрүштү козгоо үчүн зарыл болгон укуктук аныксыздыктын аргументтелген негиздеринин болушун текшерет.

Судьялар коллегиясынын аныктамасынын мазмунунан көрүнүп тургандай, кайрылууну кабыл алуудан баш тартуу талашылып жаткан жоболордун конституциялуулугуна карата объективдүү тастыкталган укуктук аныксыздык жана айкын күмөндүүлүк жок деген тыянакка негизделген. Судьялар коллегиясы арыз ээсинин өз талаптарын талашылып жаткан ченемдердин жөнгө салуучу таасири адамдын жана жарандын Конституцияда кепилденген укуктары менен эркиндиктерине кандай таасир этерин көрсөткөн укуктук мүнөздөгү жүйөлөр менен негиздөө милдетине көрсөткөн.

Аныктамада кайрылуунун ар бир жүйөсүн деталдаштырылган талдоонун же конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин айрым жоболоруна түздөн-түз шилтемелердин жоктугу, көрсөтүлгөн Мыйзамдын 30-беренесинин

3-бөлүгүнүн 1-пунктунун туура эмес колдонулгандыгын күбөлөндүрбөйт, анткени бул ченем алдын ала текшерүүнүн бардык элементтерин милдеттүү түрдө санабастан кайрылуунун жол берүү критерийлерине ылайык келүүсүн жалпы баалоо мүмкүнчүлүгүн болжолдойт.

Мында судьялар коллегиясы ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпциясына жана конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди бузган талашылып жаткан жобонун реалдуу жөнгө салуучу таасирин ачып берген ынанымдуу укуктук жүйөлөр менен алардын конституциялуулугунан күмөн саноону ырастоо зарылдыгына туура негиздеген. Мындай жүйөлөрдүн жоктугу ишти маңызы боюнча кароону талап кылган конституциялык-укуктук аныксыздыктын келип чыгышын жокко чыгарат жана конституциялык сот адилеттигине жеткиликтүүлүктү чектөө катары каралышы мүмкүн эмес. Мындай жагдайларда судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусу мыйзамдуу болуп саналат.

2. Арыз ээсинин мурда колдонууда болгон жана учурда колдонулуп жаткан жөнгө салуунун жоболорунун ченемдик мазмунунун окшоштугу жана каралып жаткан маселеде укуктук аныксыздыктын сакталышы жөнүндө билдирүүлөрү конституциялык-укуктук аныксыздыктын иш жүзүндө бар экендигин билдирбейт. Арыздинуучунун жүйөлөрү улуттук коопсуздук органдарында аскердик кызмат өтөөнү ченемдик жөнгө салууну кайра баалоого багытталган жана кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн негиздердин жоктугу жөнүндө судьялар коллегиясынын тыянагын четке какпайт.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы буга чейинки 2019-жылдын 6-мартындагы Чечиминде Конституцияда бекитилген эмгекке болгон укук ишмердигинин түрүн тандоо эркиндигинен тышкары, ошондой эле негизсиз жумуштан бошотуудан коргоону жана мамлекеттин аталган укукту соттук коргоо боюнча натыйжалуу механизмдерди камсыздоо милдетин камтый тургандыгын белгилеген. Ошол эле учурда,

эмгекке болгон укукту ишке ашыруу, эгерде мындай өзгөчөлүктөр алардын ишмердигинин мүнөзү менен шартталса жана конституциялык маанилүү максаттарга жетүүгө багытталса, мыйзам чыгаруучунун айрым категориядагы адамдар үчүн укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүн белгилөө мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт.

Аскердик кызмат өзүнүн укуктук табияты боюнча мамлекеттин коргонуусун жана коопсуздугун камсыз кылуу максатында ишке ашырылуучу мамлекеттик кызматтын өзгөчө түрү болуп саналат. Аскер кызматчыларына жүктөлгөн милдеттердин ачык-укуктук мүнөзүнө байланыштуу, мыйзам чыгаруучу кызмат өтөөнүн атайын шарттарын, ошондой эле эмгекти жалпы укуктук жөнгө салуудан айырмаланган, анын токтотулушунун өзгөчөлүктөрүн, эгерде алар конституциялык жактан негизделген жана көздөгөн максаттарга өлчөмдөш келсе, кароого укуктуу.

Улуттук коопсуздук органдары мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу системасынын курамдык бөлүгү болуп саналуу менен инсанды, коомду жана конституциялык түзүлүштү коргоо боюнча милдеттерди аткаруу менен алардын кызматкерлерине жогорулатылган талаптарды коюунун зарылдыгын шарттайт, аларды сактоодон мамлекеттин конституциялык маанилүү функцияларын ишке ашыруусунун натыйжалуулугу түздөн-түз көз каранды. Ушуга байланыштуу аталган органдарда аскердик кызмат өтөөнү укуктук жөнгө салуу, бошотуунун негиздерин жана тартибин кошкондо, алардын ишинин өзгөчөлүгү менен шартталган өзгөчөлүктөрдү жана алып коюуларды карашы мүмкүн.

Конституциялык контролдоо органынын келтирилген укуктук позициясынан келип чыккандай, аскер кызматчыларынын айрым категориялары, анын ичинде улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлери үчүн аскердик кызматты өтөөнү укуктук жөнгө салууда айырмачылыктарды белгилөө, эгерде мындай айырмачылыктар жалпы аткарылган функциялардын мүнөзүнөн келип чыккан жана мамлекеттин, ошондой эле коомдун

конституциялык маанилүү кызыкчылыктарын камсыз кылууга багытталган объективдүү жана негиздүү негиздерге ээ болсо, теңчилик жана басмырлоого тыюу салуу принциптеринин бузулгандыгы жөнүндө күбөлөндүрбөйт.

Мындай шарттарда Конституциялык сот судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусу негиздүү болуп саналат деген тыянакка келди, анткени талашылып жаткан жөнгө салуу улуттук коопсуздук органдарында аскердик кызмат өтөөнүн өзгөчөлүктөрү менен шартталган жана конституциялык укуктар менен эркиндиктердин бузулгандыгын күбөлөндүрбөйт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М  К Ы Л Д Ы:**

1. Марат Бакаевич Султаналиевдин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 2-декабрындагы аныктамасына даттануусу канааттандырылбай калтырылсын.

2. Бул токтом акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**